КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ ЖАНА БИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

**СЕКТОРДУ ӨНҮКТҮРҮҮ ПРОГРАММАСЫ: ИНКЛЮЗИВДИК ӨСҮҮ ҮЧҮН КӨНДҮМДӨР ДОЛБООРУ**

**ТӨРӨБАЙ КУЛАТОВ АТЫНДАГЫ КЫЗЫЛ-КЫЯ ТОО-ТЕХНИКАЛЫК ИННОВАЦИЯ ЖАНА ЭКОНОМИКА КОЛЛЕДЖИ**

# ЭМГЕК РЫНОГУНДАГЫ СУРОО-ТАЛАПТАР ЖАНА СУНУШТАРДЫН АНАЛИЗИНИН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ БОЮНЧА

## АНАЛИТИКАЛЫК ОТЧЕТ

**Кызыл-Кыя -2023**

## КИРИШҮҮ

Кыргыз Республикасынын кесиптик-техникалык билим берүү системасында КТББ тарабынан жүргүзүлүп жаткан билим берүү кызматтары менен эмгек рыногундагы суроо-талаптардын ортосундагы айырмачылыктарды кыскартууга багытталган реформалар активдүү ишке ашырылууда. КТББдөгү окуу жайлардын өнүктүрүү стратегияларын жана билим берүү программаларын жумуш берүүчүлөрдүн талабына жараша иштеп чыгуу жана жайылтуу үчүн эмгек рыногундагы көндүмдөрдү жана квалификацияларды анализ жүргүзүү жолу менен аныктоо зарыл.

Изилдөөнүн максаттарына жана милдеттерине жетүү үчүн төмөнкү инструменттер пайдаланылды:

1. Колдо болгон статистикалык жана башка кошумча маалыматтарды чогултуу үчүн кабинеттик изилдөө.

2. Артыкчылыктуу адистиктер боюнча бүтүрүүчүлөрдөн сурамжылоо.

3. Жумуш берүүчүлөр менен сурамжылоо.

4. Алынган сандык маалыматты статистикалык иштеп чыгуу, сапаттык маалыматты иштеп чыгуу жана алардын негизинде сунуштар менен Аналитикалык отчетту даярдоо.

5. Маалыматтарды жыйноодо электрондук маалымат жыйноо каражаттарын колдонуу (бул учурда google таблица платформасына жумуш беруучулор жана бүтүрүүчүлөр маалымат базасын түзүү, google форма платформасын жардамы менен электрондук сурамжылоо жасоо, сурамжылоодон чогулган маалыматтарды кайра google таблица платформасына жуктөө) менен тез жана ылдам маалыматтарды анализ жасоого болот. Эмне учун google платформасы колдонгон – деген суроого аныктама: бул платформа акысыз жана жеткилитүү болгондугунан анан да кала берсе коопсуздук тарабынан да жакшы корголгон платформа. Окуу жай базасында Google аккаунт жасап, ошол аккаунт менен маалыматтарды сактоого болот. Себеби биздин мисалда же кала берсе башка окуу жайлар мисалында да адистер алмашуу меселеси көп кездешет, ар дайым адистер алмашууда жыйналган маалыматтар жоголуусу көп кездешкендиктен ушул платформада колдонуп келе жатабыз.

Секторду өнүктүрүү программасы: Инклюзивдик өсүү үчүн көндүмдөр долбоорунун алкагындагы **6 - Саясий аракетти ишке ашыруу үчүн** Алдыңкы тажрыйба борборунун Т.Кулатов атындагы Кызыл-Кыя тоо-техникалык инновация жана экономика колледжинин базасында 2023-жылдын июнь-июль айларында Региондогу эмгек рыногундагы суроо-талаптар жана сунуштарды талдоонун методологиясы боюнча жумуш берүүчүлөрдөн

сурамжылоо жүргүзүлдү. Сурамжылоо Баткен облусунун Кадамжай району, Кызыл-Кыя шаары, Ош облусунун Ноокат районунун аймагында жайгашкан мамлекеттик, коммерциялык жана коммерциялык эмес 50 мекеме-ишканалардан алынды.

Секторду өнүктүрүү программасы: Инклюзивдик өсүү үчүн көндүмдөр долбоорунун алкагындагы Региондогу эмгек рыногундагы суроо-талаптар жана сунуштарды талдоонун методологиясы боюнча колдонмону пайдаланып, анда көрсөтүлгөн жумуш берүүчүлөрдөн сурамжылоо жүргүзүлүүдө колдонуучу ыкмаларды жана андагы материалдарды колдондук.

**КАБИНЕТТИК ИЗИЛДӨӨ БУЛАКТАРЫ БОЛГОН:**

Кыргыз Республикасынын өлкөнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсү боюнча расмий саясаты - https://www.gov.kg/ru/programs/all:

2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы https://www.gov.kg/ru/programs/5

Кыргыз Республикасын 2018-2022-жылдарга өнүктүрүү программасы «Биримдик. ишеним. Түзүү" https://www.gov.kg/ru/programs/6

Кыргыз Республикасынын 2018-2022-жылдарга региондук саясатынын Концепциясы https://www.gov.kg/ru/programs/2

Министрликтердин, мамлекеттик кызматтардын, ведомстволордун расмий веб-сайттары;

Улуттук стратегиялык изилдөөлөр институтунун макалалары жана басылмалары,: http://www.nisi.kg/produkt-nisi/publikatsii.html

(http://www.stat.kg/ru/statistics/naselenie/), (http://stat.kg/ru/statistics/zanyatost/);

Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги: http://zanyatost.kg/Page/PageShow/1002

Кыргыз Республикасынын Экономика министрлигинин региондорду өнүктүрүү боюнча изилдөөлөрү http://mineconom.gov.kg/ru/section/document;

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн облустардагы ыйгарым укуктуу өкүлдөрү жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялар региондук экономикалык өнүгүү боюнча маалымат беришет, мисалы, http://feznaryn.kg/ru/prioritetnye-vidy-deyatelnosti. Алардын маалыматы аймактардагы билим берүү КТББнын билим берүү кызматтарын пландаштырууга чоң таасирин тийгизет. Билим берүү мекемелери кадрларды кесиптик даярдоону жана региондо талап кылынган квалификацияларды даярдоону жөнгө салуу мүмкүн экендигин эске алуу менен өнүгүү перспективалары жөнүндө маалымат ала алышат.

Кыргыз Республикасынын Ачык маалыматтар порталы\ «Кыргызстан цифралар менен» - http://www.stat.kg/ru/publications/sbornik-kyrgyzstan-v-cifrah/ (жарыялоо жыштыгы: Жылдык).

**Областык деңгээлдеги маалыматтарды алуу үчүн КР Улуттук статистикалык комитетинин** басылмаларынын мезгилдүүлүгү-жылдык «Сельское хозяйство Кыргызской Республики» жыйнагын http://www.stat.kg/ru/publications/sbornik-selskoe-hozyajstvo-kyrgyzskoj-respubliki/ колдонуу сунушталат.

**БҮТҮРҮҮЧҮЛӨРДӨН СУРАМЖЫЛОО.**

Бүтүрүүчүлөрдү сурамжылоо 2 фаза менен ишке ашырылат:

1-фаза бул бүтүрүүчүлөр акыркы жыйынтыктоочу сынак тапшырган учурда алынат. Бул жерде негизинен сурамжылоо окуу процессине багытталат.


2-фаза бүтүрүүчүлөр окууну аяктагандан кийин 6-9 айдан кийин жүргүзүлөт. Бул жерде негизинен жумушка орношкондугу, канча убакыт жумуш издегендиги, алган билими жумушуна канчалык денгээлде жардам бергендигине багытталган.

Т.Кулатов атынгдагы Кызыл-Кыя тоо-техникалык инновация жана экономика колледжинин 2022-23 окуу жылындагы адистиктер бүтүрүүчүлөрү жөнүндө 1-фаза боюнча маалымат:

**А-билим берүү бөлүмү: -** 2022-23 окуу жылында жалпысынан 206 студент 14 адистик боюнча окуусун ийгиликтуу аяктап, анын ичине 155 студенттин анкета откорулду. мамлекеттик сынакты ийгиликтуу тапшырды. Алардын ичинен 59 адам же болбосо 38% аялдар, 96 же болбосо 62% эркектер.

| № | Кесиптин аталышы | Жалпы | Аялдар | Эркектер |
|---|---|---|---|---|
| 1. | КМТШИ | 20 | 20 | |
| 2. | ПОВТАС | 26 | 5 | 21 |
| 3. | КСиК | 13 | 4 | 9 |
| 4. | БУ | 23 | 12 | 11 |
| 5. | БД | 7 | 6 | 1 |
| 6. | МНЖ | 6 | 3 | 3 |
| 7. | СЭЗиС | 11 | | 11 |
| 8. | ТОиРАТ | 6 | | 6 |
| 9. | ГЭМ | 12 | | 12 |
| 10. | ПРМПИ | 2 | | 2 |
| 11. | ОГР | 5 | | 5 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 12. | ЭС | 15 | | 15 |
| 13. | Налог | 4 | 2 | 2 |
| 14. | ТПиПСХП | 5 | 4 | 1 |
| | | 155 | 56 / 36% | 99 / 64% |




Абитуриенттер канчалык денгээлде биздин окуу жайды тандайт жана кесип тандоодо канчалык денгээлде өз ойлоруна ээ боло алышат:

Сиз үчүн адистикти тандоодо төмөнкү себептер канчалык даражада маанилүү болду?

Жеке тандоо - 60%

Ата-энемдин тандоосу - 47%

Башкалардын (достордун ж.б.) кеңеши - 34%

Иште жакшы перспектикалар - 53%

Мен башка окуу үчүн акы төлөй алган жокмун - 27%

| Сиз үчүн биздин окуу жайды тандоодо төмөнкү себептер канчалык даражада маанилүү болду? |
| --- |
| Окуу жайдын жакшы кадыр-баркы – 64% |
| Суроо-талапка ээ адистикти тандоо – 56% |
| Окуунун акысы төмөн – 42% |
| Ата-энемдин же туугандарымдын үйүнө жакын – 44% |
| Стипендия алуу мүмкүнчүлүгү – 33% |
| Бюджеттик негизде окуу – 35 % |
| Жатакананын болушу – 39% |

Жогорудагы маалыматтарга таянсак биздин окуу жайда жалпылап алганда 36% аялдар жана 74% эркектер окууну ийгиликтүү аяктаганына күбө болдук – бул учурда окуу жайга гендердик саясат жүргүзүүнү күчтөндүрүү зарыл. Бул кыз балдар үчүн кесиптерди көбөйтүү, ар кандай кесип ардактуу экендигин бул кесип кыз балдар үчүн, бул кесип эркек балдар үчүн деген стреотипти жоготууга аракет жасоо зарыл экендиги көрсөтүп турат.

Окуу жайдын кадыр баркы жогору экенидигин, биздин сунуштага кесиптерибиз актуалдуу экендигин көрсөк болот ошо менен бирге эле абитуриенттер кесип тандоодо бюджет экендигине, стипендия үчүн, окутуунун баасы кымбат экендигине анча маанилүү эмес экендигин көрсөк болот. Абитуриенттерди кабыл алууда агитация учурунда эмнелерге маани берүүбүз керек экендигин көрсөк болот. Абитуриенттер кесип тандоо учурунда ата-энелер тандоосуна караганда достору тааныштарынын сунушу маанилүү экендигин, агитация учурунда өзүбүздүн студенттерибиз эн күчтүү агитатор экендигине күбө болуп отурабыз.


**Б бөлүмү – окуу жайда окутуунун шарттары. Бул бөлүмдө окуу жай студенттер үчүн канчалык шарт түзүп бергендиги жөнүндө маалыматтар:**

| Окуунун жүрүшүндө окутуунун жана окуунун төмөндөгү жактарына канчалык даражада көңүл бурулду?/ В какой степени, в ходе обучения, уделялось внимание следующим сторонам преподавания и обучения? | | |
| --- | --- | --- |
| 1 | **(Топтордо иштөө)/Работа в группах** | **59%** |

| | | |
|---|---|---|
| 2 | **(Теориалык билимдер)/Теоретические знания** | **63%** |
| 3 | **(Практикалык окутуу (устаканаларда/ лабораторияларда)/Практическое обучение (в мастерских/лабораториях)** | **63%** |
| 4 | **(Өндүрүштүк практика ( ишканада))/Производственная практика (на предприятии)** | **67%** |
| 5 | **(Компьютерди колдонуу)/Использование компьютера** | **62%** |
| 6 | **(Интернетти колдонуу)/Использование Интернета** | **66%** |

| | | |
|---|---|---|
| | **Окуу процессинин төмөнкү учурларын кандай баалайт элеңиз?** | |
| | Окутуучунун өз предметин билүүсү | 72% |
| | Окутуучулардын өз материалдарын түшүндүрүү жөндөмдүүлүгү (окуу материалы) | 66% |
| | Мастердин өз предметин билүүсү | 68% |
| | Мастердин өз предметтерин түшүнүктүү түшүндүрүү жөндөмдүүлүгү | 65% |
| | Окутуучунун жаңы технологияларды жана техникалык каражаттарды колдонуусу (компьютер, Интернет, интерактивдүү доска, видеопроектор) | 66% |
| | Куратордун иши | 69% |
| | Окутуучулар менен жеке консультациялардын сапаты | 68% |
| | Сизге бизде окуу канчалык кызыктуу болду | 62% |
| | Студенттерде өз алдынча окуу жөндөмдөрүн калыптандыруу | 63% |
| | Студенттер менен окутуучулардын ортосундагы өз ара аракеттенүү | 67% |
| | Студенттердин ортосундагы өз ара аракеттенүү | 61% |
| | Студенттер үчүн окуу жайдын саясатына таасир этүү мүмкүнчүлүгү | 61% |

**Сураныч, материалдык-техникалык базаны бааланыз? /Оцените, пожалуйста, материально-техническую базу?**




| | | |
|---|---|---|
| 1 | **(Аудиториялардын абалы жана жабдылышы)/Состояние и оснащение аудиторий** | **67%** |
| 2 | **(Устаканалардын/лабораториялардын абалы жана жабдылышы)/Состояние и оснащение мастерских/лабораторий** | **67%** |
| 3 | **(Окуу материалдарын берүү (мисалы, китептер, көрсөтмө материал))/Предоставление материалов обучения (например, книги, наглядный материал)** | **64%** |
| 4 | **Наличие компью(Компьютерлердин болушу, Интернеттин, башкаруунун маалыматтык системасынын, окуу жайдын электрондук ресурстарынын жеткилиликтүүлүгү)/теров, доступ к Интернету, информационной системе управления, электронным ресурсам учебного заведения** | **69%** |
| 5 | **(Техникалык жабдуулардын жеткиликтүүлүгү (мисалы, лабораториялык жабдуулар, өлчөөчү аспаптар)/Доступность технического оборудования (например, лабораторное оборудование, измерительные приборы)** | **69%** |
| 6 | **(Устаканаларда сабакта жана өндүрүштүк практика учурундагы коопсуздук техникасы (коопсуздук техникасынын эрежелерин сактоо, коргоо каражаттары, мисалы, каскалар, коргоочу көз айнектер, атайын бут кийимдер, кулакчындар, аянт, жарыктандыруу, чуу тосмо)/Техника безопасности во время занятий в мастерских и производственной практики (соблюдение правил техники безопасности, защитные средства, например, каски, защитные очки, специальная обувь, наушники, площадь, освещение, шумоизоляция)** | **68%** |
| 7 | **(Санитардык-гигиеналык шарттар (мисалы, өзүнчө ажаткананын болушу, ашканада кол жуу мүмкүнчүлүгү, окуу, турак-жайлардын жана жалпы пайдалануудагы жерлердин тазалыгы))/Санитарно-гигиенические условия (например, наличие раздельного туалета, возможность вымыть руки в столовой, чистота в учебных, жилых помещениях и местах общего пользования)** | **67%** |

**В-бөлүмү – окутууга канаттануусу:**

| Биздин окуу жайды аяктап жаткан учурда төмөнкү көндүмдөргө / билимдерге канчалык даражада ээ болдуңуз? | | |
|---|---|---|
| | Өз адистигимдеги кесиптик көндүмдөр | **67%** |
| | Теорияны практикада колдоно билүү | **66%** |
| | Өз жумуш убактысын натыйжалуу уюштуруу жөндөмдүүлүгү | **69%** |
| | Иштин натыйжасы үчүн жоопкерчилик | **72%** |
| | Өзгөрүп туруучу шарттарга жеңил ыңгайлашуу жөндөмдүүлүгү | **74%** |
| | Жаңы идеяларды жана чечимдерди өнүктүрүү жөндөмдүүлүгү | **74%** |
| | Баарлашуу жөндөмдүүлүгү | **75%** |
| | Башкалар менен өндүрүмдүү иштөө жөндөмдүүлүгү | **74 %** |
| | Көйгөйлөрдү чечүү жөндөмдүүлүгү | **75%** |

Бул жерден канчалык деңгээлде студенттерибиз алган билимине канаттануусун көрө алабыз. Окутуучулардын, мастерлердин иштерин жогору бааланганын көрсөк ошо менен бирге эле ишканаларга экскурциялар, конок лекциялар аз экендигин көрө алабыз.

**Г-бөлүм жалпы маалыматтар:**

| | **Кийинки 6 айда эмне кылууну пландап жатасыз?** | |
|---|---|---|
| 1 | Мамлекеттик сектордо иш издөө | 22% |
| 2 | Жеке сектордо иш издөө | 17% |
| 3 | Үй-бүлөлүк бизнес менен алектенүүнү баштоо | 3% |
| 4 | Үй чарбасына жардам берүү | 2% |
| 5 | Жеке бизнесимди баштоо/өзүмдү иш менен камсыздоо | 25% |
| 6 | Окууну улантуу | 32% |
| 7 | Акча табууга чет өлкөгө кетүү | 17% |

**Бүтүрүүчүлөрдүн жумуш менен камсыз болуусу:**

| № | Кесиптин аталышы | Жалпы | Жумушка орноштондор |
|---|---|---|---|
| 1. | КМТШИ | 20 | 17 |
| 2. | ПОВТАС | 26 | 16 |
| 3. | КСиК | 13 | 12 |
| 4. | БУ | 23 | 30 |
| 5. | БД | 7 | 12 |
| 6. | МНЖ | 6 | 4 |
| 7. | СЭЗиС | 11 | 4 |
| 8. | ТОиРАТ | 6 | 12 |
| 9. | ГЭМ | 12 | 8 |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 10. | ПРМПИ | 2 | 2 |
| 11. | ОГР | 5 | 2 |
| 12. | ЭС | 15 | 10 |
| 13. | Налог | 4 | 3 |
| 14. | ТПиПСХП | 5 | 2 |
| | | 155 | 120 / 77% |

Жалпысынан 65% жумушка орношкондугун көрө алабыз. Жумуш менен камсыз болбогон 23% иликтеп көргөндө алар: аскер кызматын кеткендер, турмушка чыккандар, жогорку окуу жайда окуусун улантып жаткандар, үй-бүлөлүк шартка байланыштуу чет өлкөгө миграцияга кеткендер.

**ЖУМУШ БЕРҮҮЧҮЛӨР МЕНЕН СУРАМЖЫЛОО**

Суражылоодо 3 ыкма колдонулду.

1. Он-лайн сурамжылоо

2. Кагаз түрүндө сурамжылоо (бумажная анкета)

3. Телефон аркылуу маектешүү


Он-лайн суражылоо аркылуу 10 респондент, телефон аркылуу 15 респондент, жумуш ордунда 25 респонденттен жооп алынды. Колдонулган ыкмалардын ичинен иш берүүчүлөрдөн жумуш ордунда (кагаз түрүндө) сурамжылоо жүргүзүү натыйжалуу болоорун байкадык. Сурамжылоо учурунда ар тараптуу пикир алышуулар болду. Эмгек рыногундагы суроо-талаптарды так аныктоодо жана сунуштарды чогултууда жумуш берүүчүлөргө анкетада камтылган суроолорду туура түшүндүрүүгө аракеттендик жана маанилүү, чыныгы, керектүү, реалдуу сунуштарды алууга басым жасалды.

Телефон аркылуу сурамжылоо жүргүүзүдө жумуш берүүчүлөр бош убакытылары жок экенин айтышып, суроолорго жооп берүүдөн баш тарткан учурларда болду. Кагаз түрүндө болсо, өзүлөрү окуп чыгып анан толтуруп берерин айтып, суранышып, шашпай

башка убакыттарда кененирээк пикир алышууга, жумуш ордунда жолугушууга чакырышты.

Онлайн суражылоо жүргүзүү окуу жай үчүн эң ыңгайлуу ыкма. Бирок бул сурамжылоонун түрүнө жумуш берүүчүлөр аз санда катышты, себеби жумуш берүүчүлөр бош убакыт табуусу кыйын жана алар толук маалымат бербоосу мүмкүн. Онлайн сурамжылоо жүргүзүүдө жумуш берүүчүлөрдүн бул ыкмада иштешүүгө даяр эместиги байкалды.

***Сурамжылоого катышкан уюмдун же мекеменин уюштуруучулук укуктук формасы төмөндөгүдөй болду:***




***Сиздин уюм иш алып барган экономикалык тармакты/секторду көргөзүңүз*** деген суроодо Тоо-кен тармагы, билим берүү, авто унааларды тейлөө, айыл өкмөттөр, энергетика тармагы, кайра иштеттүү тармагы, женил өнөр жай, экономика бөлүмү, салык инспекциясы, айыл чарба өнүктүрүү башкармалыгы, айыл чарба азыктарын кайра иштетүү (мөмө жемиштерди кургатуу, тангактоо, концервациялоо, кондитердик азыктарды чыгаруу), ишкерлер ассоциясы, калыкты тейлөө, калкка кызмат керсөтүү, муниципиалдык ишкана деп жооп беришти.

Алынган жоопторду региондогу жумуш берүүчүлөр иш алып барып жаткан экономикалык тармакка/секторго төмөндөгүдөй бириктирсек болот:

Курулуш

Айыл чарбасы

Тамак аш өнөр жайы

Жеңил өнөр жайы

Энергетика

Транспорт

Тоо-кен

Туризм

Билим берүү

Экономика жана каржы сектору

Сурамжылоого катышкандардын ичинен уюштуруучулук укуктук формасы боюнча 21 мамлекеттик, 25 коммерциялык, 4 коммерциялык эмес мекеме уюмдар болушту. Алардын дээрлик бардыгы тең Баткен облусу аймагында жүргүзүлдү. Окуу жай коммерциялык багыттагы ишканалар жана уюмдар менен кызматташууга жана сурамжылоолорду жүргүзүүгө приоритет койгону менен сурамжылоолорду жүргүзүү учурунда төмөндөгү реалдуу көрсөткүчтөр байкалды:

Толук кандуу иш жүргүзгөн коммерциялык ишканалардын өнүгүп жаткандыгы сезилди, ошол эле учурда мамлекеттик өндүрүүчү иш каналар толук кандуу иштей албай жаткандыгы байкалды;

Коммерциялык багытта иш жүргүзгөн ишканалардын каржылык, сырьелук, ж.б. ресурстарынын чектелүүлүгү, өндүрүүсүнүн, тейлөө кызматтарынын чектелүүлүгү, өндүрүлгон товарды экспортко чыгуусунун чектелүүлүгү байкалды;

Юридикалык каттоодо турган коммерциялык ишканалардын көпчүлүгүнүн мезгилдүү же толук кандуу эмес иш алып баруусу.

Жеке сектордо иш алып барып жаткан ишкерлердин салык саясаты, ЭТТН, ККМ менен иш алып барууда бир топ кыйынчылыктар бар экен байкалды.

Ушул көрсөткүчтөрдөн улам региондун социалдык-экономикалык жактан стратегиялык өнүктүрүү планында каралган багыттардын толук ишке ашырылбай жаткандыгы ачык байкалууда. Ал эми өндүрүш тармагынын алсыздыгы, жумушсуздукка адам ресурстарынын туура эмес пайдаланылышына, миграциянын күчөшүнө алып келүүсүн эске алганда региондогу адистерди даярдоочу борборлордун ролун аткаруучу окуу жайлардын бири катары биздин окуу жайдын абалына, тышкы байланыштарына да түздөн түз терс таасирин тийгизүүдө.

Региондун стратегиялык өнүктүрүү планында негизги приоритеттүү багыттар болуп энергетика, тоо кен өнөр жайы, багбанчылык, айыл чарба продукцияларын өндүрүү жана кайра иштеттүү, IT тармактары саналат. Анын ичинде биздин окуу жайдын профилине жана адис даярдоодогу потенциалына энергетика, тоо-кен, женил онор жай, IT, айыл чарба продукцияларын өндүрүү жана кайра иштеттүү тармактары туура келет. Бул көрүнүш биздин окуу жай үчүн региондун негизги стратегиялык өнүктүрүү багыттарынын кызыкчылыктары боюнча келечекте да узак мөөнөттө иш алып баруусуна кеңири мүмкүнчүлүктөрдү ачып бере алат.

Тоо-кен тармагы өнүктүрүүгө табигый шарттар жана ресурстар жетиштүү болгону менен бул тармакты өнүктүрүү ири каражаттарды жана мамлекеттик деңгээлде багыттоочу чараларды кабыл алууну талап кылат. Окуу жайдын региондун тоо-кен тармагы боюнча адистерди даярдоодо, тармактын адистеринин билимдерин жогорулатууда, Окуу-өндүрүштүк комплекстин (окуу полигин) базасында тейлөө кызматтарын жүргүзүүдө туруктуу суроо талаптарды канааттандыруучу потенциалы бар.

Ачыл чарба продукцияларын өндүрүү багыты боюнча Баткен облусунун климаттык шарты мамлекеттин эң ири өндүрүүчү аймагы болуп эсептелет. Айыл чарба продукцияларын өндүрүү жана кайра иштетүү тармагы региондогу жаңы өнүгүп келе жаткан ири потенциалга жана ресурстарга ээ жаңыдан өнүгүп келе жаткан тармак. Бул тармакты өнүктүрүүдө адистер менен камсыздоодо жана ар түрдүү кыска курстарды уюштурууда, тейлөө кызматтарын көрсөтүүдө алдыда кыйла мүмкүнчүлүктөр жогору. Окуу жай базасында бул тармак боюнча Окуу өндүрүштүк комплекс ачылып, регионго компетентүү адистерди даярдап чыгарууну колго алып жатат.

Женил өнөр жайы бүгүнкү заман талабы жана региондун приоритеттүү тармагы болуп саналат. Бул тармак боюнча окуу жай регионго компетентүү адистерди даярдоо менен бирге өндүрүштү да колго алынып, бугунку кундо

Баткен облусу өзгөчө статуска ээ болгондугуна байланыштуу бир топ иш чаралар облус аймагында жүргүзүлүп жатат. Айта кетсек ишкердикти колдоо, аял ишкерлерди колдоо. Бул багын боюнча гендердик тенчилик сакталып, аял ишкерлердин санынын өсүп жаткандыгы сурамжылоолор натыйжасында байкалды.

***Баштапкы кесиптик билим берүү деңгээли боюнча "Ишканага жакынкы 3 жылда канча кызматкер керек болот?"*** деген суроого төмөндөгүдөй жоопторду алдык:

а) “Кайсы кесиптер боюнча/канча санда?” деген суроого 18 жумуш берүүдөн иштөө багытына жараша 10 айыл чарба продукцияларын кайра иштетүү технологу, 150 тигүүчү, тамак аш адиси 30 (ашпозчу, официанттар), 4 кондитер, электромеханик (наладчик)-4, жабдууларды башкаруу оператору, электрик-6, банкир экономистер – 15, IT адистер – 6,

б) Орто кесиптик билим берүү жумушчу деңгээлдин кызматкерлери боюнча кандай көндүмдөргө/компетенциялар зарыл деген сурообуздун жообуна өз ишин жакшы билген адистер керек деп жооп алдык.

***Орто кесиптик билим берүү деңгээли боюнча “Ишканага жакынкы 3 жылда канча кызматкер керек болот?”*** деген суроого төмөндөгүдөй жоопторду алдык:

| № | Кайсыл адистиктер | Канча санда | Кандай көндүмдөр/<br>компетенциялар |
|---|---|---|---|
| | Тоо-кен инженери | 6 | Жер асты жана жер устундо кен байлыктарды казып алуучу компетентүү инженер |
| | Экономист Банкир | 20 | 1С бухгалтерия MS Office программаларында иштей алган |
| | Башталгыч класстар мугалими | 18 | Жаны усулда сабак өтүү, санарип технологияларында иштей билген |
| | IT адистер | 15 | Компьютер, кенсе техникаларын жакшы оздоштургон, ар кандай программалар менен иштей алган адистер |
| | Тигүүчү | 60 | Түз тигүү, команда менен иштей алган, өз ишин так аткарган |
| | Технолог | 10 | Айыл чарба продукцияларын кайра иштетуу, кургатуу, тангактоо, сактоо технологу |
| | Технолог-кондитер | 10 | Цехтеги технологиялык процессти билүүсү, ун азыктарын өндүрүү жана |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | кайра иштетүүнүн технологиясын билүүсү, нан азыктары, |
| | Лаборант | 1 | Лабораториялык жабдыктар менен иштей билүүсү |
| | Эколог | 5 | Өзгөчө корголуучу аймактар боюнча билүүсү |
| | Агроном | 5 | Айыл чарба технологиясы боюнча билүүсү, коллетивде ишти уюштура билүүсү, өсүмдүктөрдүн жана жаныбарлардын селекциялык процедураларын, жакшы билүүсү, айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүдө агротехникалык кабыл алуунун түрлөрүн билүүсү, прафилактикалык иш-чаралардын, айыл чарба өсүмдүктөрүн өстүрүүнүн түрлөрүн билүүсү, |
| | Электрик | 6 | |
| | Информатик | 2 | Колдонгонду |
| | Эксковатор | 2 | Айдаганды, оңдогонду |
| | Электромонтер | 6 | Оңдогонду |
| | Электрослесарь | 1 | Оңдогонду |
| | Слесарь | 6 | Оңдогонду |
| | Упаковщик | 6 | Өзүнүн ишин билген |

Орто кесиптик билим берүү жумушчу деңгээлинде негизинен тигуучу, башталгыч класс мугалими, экономикалык багыттар, IT адистерге талап коп экендиги аныкталды.

***Орто кесиптик билим берүү жумушчу деңгээлдин кызматкерлери боюнча кандай көндүмдөргө/компетенциялар зарыл*** деген сурообуздун жообу жогоруда таблицада көрсөтүлдү.

***Сиздин уюмдагы кайсы деңгээлдеги жана адистиктердеги кызматкерлерди окутуу кайра окутуу, квалификациясын жогорулатуу зарыл?***

| | |
|---|---|
| Менеджерлер: | 10 |
| Кардарлар иштоочу менеджерлер | 15 |
| Техникалык адистиктердин адистери: | 20 |
| Финансисттерди (бухгалтерлер): | 50 |
| МТ адистерин: | 35 |
| Логисттерди: | 11 |
| Тигуучулор | 40 |
| IT адистер | 35 |
| Башталгыч класс мугалими | 16 |
| Башкасы | 69 |

Башкасынын ичинен ж.о.э мекеме-ишканалардагы эмгектенген технологдор, агроном, жер жана жайыт адиси, ветеринария тармагынын адистеринин квалификациясын жогорулатуу керек экендигин сурамжылоодо көрсөтүшкөн.

Билим берүү мекемелеринде баардык кесиптер боюнча ар бир кызматкер 5 жылда бир жолу квалификациясын жогорулатуудан өтүп турушаарын белгилешти.

Маалыматтык технологиясынын адистеринин квалификациясын жогорулатуу керек. Бардык мекеме ишканаларда компьютер менен иштеген, жок дебесе бирден кызматкер бар. Кызматкерлер жаңы мамлекет тарабынан бардык тармак боюнча иштелип чыгып жаңы программалар колдонууга киргизилгенде же ошол тармак боюнча жаңы программаларды иштеп чыгуу тапшырмалары берилгенде, көпчүлүк МТ адистеринин, тактап айтканда программист деген штаттагы адистердин билими канааттандыраарлык болбой жатканында. Компьютерде иштегенди билем деп келген жумуш издеген жарандардын басымдуу бөлүгү компьютерди колдонгонду билишет. Тактап айтканда компьютерди күйгүзүп, өчүргөндү билишет. Word программасында кагаз тергенди, сактаганды жана кагазды принтерден чыгара алышат. Excel программасы менен иштей албай же такыр колдонгонду билбегендери бар. Ал эми кээ бир мекемелерде атайын программист деген штатта отурган программист адисинин программалоодо жана программаларды түзүүдө билим деңгээли төмөн, жетишпейт. IT жана бардык башка тармактар боюнча өлкөнүн өнүгүшүндө түздөн

түз же өтө жооптуу кызматтарды аркалап жаткан мекеме ишканаларындагы бүгүнкү күндөгү эң чоң көйгөй, кайсы бир тармактын орто жана жогорку кесиптин бүтүрүүчүсү болобосун жумуш ордуна кабыл алган кызматкерлерди мамлекеттик бюджеттин жана өздүк эсептен эң аз бир жумадан 3 айга чейин кайрадан окутуп, даярдашат. Кызыл менен бүткөн жана жакшы окуп бүткөндөр жумушка кабыл алынганда өзүнө тиешелүү болгон эң жөнөкөй тапшырмаларды аткара албай калып жатканын пикир алышууда байкадык. Жогорку окуу жайларында, орто кесиптик окуу жайларында да окутуу теория менен чектелип калып жатканынан кабар берет. Теория менен практика бири бири менен бышыкталбай практикалык сабактар өндүрүштө практика менен айкалышпай калып жатканында. Мисалы квалификациясы боюнча химик, эң мыкты бүтүрүүчү лабораторияда титрлөө ыкмасын ооз эки айтып берип, бирок колу менен жасап бере албай койгон учурлар кездешкен. Инструменталдык компетенциясы өнүкпөй калган. Иш берүүчүлөрдүн айтымында окутуу өндүрүштүк комплекси замандын талабына жооп берет жана жаңы технологиядагы алдынкы жабдыктар менен камсыз болгон.

Жеңил өнөр жай жана кайра иштетүү тармагынын жумуш берүүчүлөрүнүн көз карашы, койгон талаптары башкача. Бул тармактын өкүлдөрү бизнеске жакын болгондуктан, бул чөйрөдөгүлөр бизнесин алдыга жылдырууда, өлкөнүн экономикасына салым кошууда мыкты, өтө дасыккан, күчтүү технологдорго муктаж болуп келишет. Кайра иштетүү тармагы өлкөдө анчейин көңүл бурулбай калып кеткен. Региондо мыкты мөмө-жемиштерди кайра иштетүү боюнча технологдор бүгүнкү күндө 60 жаш курактан ашып калышкан жана саналуу санда. Алды карылыкка моюн сунуп баратат, иштеп берүү сунушунан, карылыктын айынан баш тартышат. Бирок, берген кеп кеңешинен аянышпайт. Билими өтө тунук, тажрыйбасы өтө терең, мыкты жана таасирдүү. Алардын билимдерин алып калуу, билгендерин үйрөнүп калуу өтө маанилүү. Өндүрүүчүлөрдүн саны улам кеңейип кулач жайып келет. Өлкөдө өндүрүш болмоюн өлкөнүн экономикасын алдыга жылдырууну азыр жаштар жакшы түшүнүп турат. Бизнеске тартылган ар бир жаран жакшы түшүнөт. Мисалы: Кызыл-Кыя шаарындагы конвервациялоо заводу, безнес өкүлүнүн оюнда азыр өзү чыгарып жаткан азыктарынын сапатына анчейин канааттана бербейт. Алдыга койгон максаты өзү чыгарган продукциялардын сапатын мындан ары да жакшыртуу, иштөөдөн тажабайт жана дайым изденип келет. Ар кандай окуулардан калбай окуп келет. Чет элдик технологдордун жардамы менен концервациялоонун жаны ыкмаларын үйрөнүп, заманбап жабдыктарды орноткон, бирок компетенттүү адистердин жардамына муктаж экенин баса белгилеп кетти. Бизге берген жардамы катарында жумуш ордунда окутуу же болбосо практикалык окутууларды өзүнүн заводунун базасында уюштуруп берүүсүн, практика учурунда практиканттарга акча төлөп берүүсүн сунуштады. Ушул тармактын иш берүүчүлөрү

өзүлөрү өндүргөн продукциясынын бир канча түрүн өндүрүп, сатыкка чыгарууга кызыгышат. Бирок андай күчтүү технологдорду издеп таппай, өтө муктаж болуп келет. Жеке ишкерлер өзүлөрү өндүргөн продукцияны ички жана сырткы рынокко чыгарууда стандарттын талаптарынан өтүүдөн, продукциясына сертификат, лицензия алуу иштеринде өтө кыйналышат, билбестиктин айынан баш оорутуучу көйгөй. Өндүрүүчүлөрдү колдоодо өндүрүүчүлөр үчүн окуу жайдын семинар-тренинг, жолугушуу, форум ж.б. иштерди уюштурууда, маалымдуулугун көтөрүүдө, консультацияларды берүүдө ролу өтө чоң жана окуу жай баарынын башын бириктирип, ар бир өндүрүүчүнүн тажрыйбаларын чогултуп андан ары өркүндөтүп кетүү мүмкүнчүлүгү чоң.

Региондо айыл чарба өсүмдүктөрүн кыйыштыруу иштерине да анчейин көңүл бурулбай келет. Айыл жеринде жашаган жергиликтүү тургандар жаңы сортторду эгип өстүрүүгө өтө кызыктар. Алды тропикалык жемиштерди айдап, бирок кыйыштырууну билишпей бир топ кыйналып, түйшүк тартып келишет. Айрым учурда убагында түшүм ала албай убакыттан уттуруп жатышат. Азыркы күндө кулпунай, малина, бүлдүркөн айдагандар көбөйдү жана ошо менен бирге агрономдорго болгон талап жогорулады. Ушул тармактын адистерин да даярдоо приоритеттүү багыттардын бири жана өлкөнүн келечеги болуп саналат.

***Сиздин уюмдун/мекеменин кызматкерлери үчүн окутуунун кайсы программалары туура келет деген суроого***

Окуу программалары (диплом үчүн) -35

Окуу программалары (сертификат үчүн) -15

Бизнес-семинар/тренинг, а.и. онлайн -5 деп жооп беришти.

***Окуу программаларын жакшыртуу боюнча сиздин сунуштарыңыз деген суроого жумуш берүүчүлөрдө түшкөн сунуштар төмөндөгүчө болду.***

Азыркы мезгилде кыргыз тилинин грамматикасын көп окутуу зарыл;

Семинар-тренингдерди уюштурууда жогорку деңгээлде өтүү;

Өндүрүштүк мекемелери менен тажрыйба алмашуу;

Эмгек рыногунда учурдун талабына ылайык жаңы адистиктердин муктаждыктарын аныктап, ошол багыттарда мыкты адситерди даярдоо;

Практикалык сабактарга басым жасоо; негизги, орчундуу, маанилүү, маңыздуу материалдарды берүү;

Эл аралык билим берүү тармактарынын тажрыйбаларын көбүрөөк колдонуу;

Замандын талабына ылайык ЭАЭБдин алкагында замандын талабына ылайык окуу-семинарларга жиберүү, практикалык тажрыйбаны берүү. Алган окууларынын жыйынтыгы боюнча баалоо, кошумча акы төлөө;

Продукцияларды сапаттуу даярдоо үчүн стандарт боюнча санитардык-эпидемиялык станциялар боюнча окуулар көбүрөөк болсо, экспорттоодо жеңилдиктер, рынокко чыгарууда да оңой болот;

Атайын багытта жиберилип адис даярдап берсе, буйрутма менен, сунуштама менен;

Кызмат адамдарына жылына бир жолу жаңы чыккан мыйзамдар боюнча окуу курстары болуп турса;

Маркетинг боюнча окутуу киргизилсе, жаңы технологияны өздөштүрүүчү адистер заман талабына ылайыктуу даярдалуусу;

Жашоодо кереги тийчү  практикалык көндүмдөрдү көбүрөөк окутуу;

Окуу программаларда адистерди билимин жогорулатуу жана жаңы технологияларды өздөштүрүү боюнча семинарларды, окууларды өткөрүп туруу;

Акыркы үлгүдөгү заманбап техникалардын түзүлүштөрү жөнүндө окутса. Бузулуп калса оңдогонго. Мисалы грейдер, эксковатор;

Дуалдык окуу, теорияны практика , тажрыйба менен айкалыштыруу;

Практикалык жактан окутууну көбүрөөк окутуу;

Жакшы окутуу жана эң жакшы практика менен айкалыштыруу;

Биздин кызматкерлер үчүн адистерди кайра даярдоо жагы кызыктырат. Өзгөчө корголуучу жаратылыш аймактарынын адистерин мезгилге ылайык даярдоо;

Айыл чарба азыктарын өндүрүү жана кайра иштетүү адистигинин окуу программасына мөмө жемиштерди тоңдуруу технологиясын  киргизүү;

Азыркы убакта окутуу IT-технологияга басым жасалып, күнүмдүк чарбалыкта колдонулуучу инструменттер менен приборлор менен окутуу калып келүүдө. Ушул жагына көңүл бурулуп, практикалык сааттарды, сабактарды көбүрөөк өткөрүү

**Сунуш**

Сурамжылоонун негизинде өлкө жана анын ичинен Баткен облусунун калкы дыйканчылык, Багбанчылык жана жер иштетүү менен алектенип келишет. Ошол себептен айыл чарбасында эмгектенген фермерлердин продукцияларынын түшүмүнүн деңгээлин көтөрүүдө жер семирткичтер, зыянкеч курт-кумурскалар менен күрөшүүдө, даяр бышкан продукцияны туура сактоого көңүл буруп, өнүктүрүү керек. Ал үчүн ушул тармактарга тиешелүү болгон адистерди даярдоо зарыл жана жергиликтүү элде муктаждык бар. Айта кетүүчү жагдай чечилбей жаткан көйгөйлөрдүн негизгиси айыл чарба жерлери үлүшкө өтүп кеткендигинде. Жердин ээси жерин өзү каалагандай иштетет. Бүгүнкү күндө үлүш жерлеринин басымдуу бөлүгүндө көп жылдык бак дарактар тигилген жана ар кайсы чарба ээси ар кандай дарак отургузуп, остуруу методикасын колдонот. Бир түрдүү продукция өндүрүп, дүйнөлүк базарга көп өлчөмдө сатууну колго алуу керек.

Экономика тармагында каржы (финансисттердин), адистеринин жогорулатуу боюнча приоритеттүү адистер катарына кошуп, атайын кыска мөөнөттүү курстарды уюштуруу.

Башталгыч класстар жана мектепке чейинки окутуу мугалимдерине болгон талаптын чондугуна байланыштуу кошумча адистиктерди ачуу.

Баштапкы кесип ээлери болгон техникалык кысматкерлер: тигүүчү, сантехник, слесарь, электрослесарь, механик, механизатор, грейдер, эксковатор, крановщик т.а. оор техникаларды оңдоп түзөгөн, айдаганды мыкты өздөштүргөн тажрыйбалуу адистерге жумуш берүүчүлөр өтө муктаж.

Жогорку кесип ээлери боюнча ветеринардык врач, айыл чарба азыктарынын кара иштетүүдө мисалы бир эле турдүү мөмө жемиштен бир канча продукция жасоо (кургатуу, конфет, пастила, тондуруу, концервациялоо, печенье ж.б.) технологиясын мыкты билген технологдорго, селекциялык иштерди мыкты билген адистерге, агрономдорго суроо талап күч.

**Келечекте 5 жылда керек болуучу кесиптер**

- Бухгалтер (тендер менен иштоочу, 1С бухгалтерия, отчет жасоочу)
- Билим берүү (орус тил, англис тил, башталгыч класстар, айти тармагынан мугалими)
- Женил өнөр жай (тигүүчүлөр, конструктор, наладчиктер – компьютер билген)
- Кызмат көрсөтүү (ашпозчу, официант, сатуучу, консультант)
- Менеджмент (менеджерлер, иш жүргүзүүчүлөр, бригадир, СММ, PR,)
- Медицина (копьютерди билген медайымдар)
- Курулуш (автокат, архикат программа менен иштоочу адистер, дизайнерлер, ланшафт дизайн, проектирлөө, каменьшик, сварщик, электрик, аба тартуучу жадбыктар адиси, жылытуу системалары жабдыктар адиси, сантехник, пажар сигнализациялар адиси)
- Компьютер (компьютер ондоочу инжеренлер, программа жүктөөчү адистер, электротехниктер, программистер, жасалма интелект ойлоп табуучулар, робототехниктер)
- Айылчарба (агрономдор, фермерлер, багбан, суу чарба адистери, балык өстүрүүчү адистер, ветеринарлар)
- Тоо-кен (ачык тоо кен иштери, эксковартощик, кен казуучу, тоо-кен электромеханиктер)

Директор: _______________ Матосмонов Ж.Дж

Отчет подготовил: _______________ Нурматов М.А.